**БЕКИТЕМ**
ОшМУнун МФТИТ институтунун
директору, доцент
_________ Б.А. Азимов
2025-ж. «____» _________

**Ош мамлекеттик университетинин Математика, физика, техника жана маалыматтык технологиялар институтунун Жалпы физика жана ФОУ кафедрасынын лаборатория башчысы Апсаматова Тумариза Азаматовнанын кызматтык милдеттердин нускамасын бекитүү жөнүндөгү №6491-фхд/25 03.11.2025 буйругунун негизинде түзүлгөн кызматтык милдеттери жана укуктары.**

**I. Жалпы жоболор:**

1.1. Кафедранын лаборанты штаттык бирдиги институттун кафедрасына тиешелүү окуу-көмөкчү кызматкер болуп саналат.
1.2. Кафедранын лаборанты кафедра башчысынын сунушу боюнча ректордун буйругу менен кызматка дайындалат жана бошотулат.
1.3. Кафедранын лаборанты улук лаборант, лаборатория башчысынын тапшырмаларын аткарат жана кафедранын башчысына баш ийет.

**II. Кызматтык милдеттери:**

2.1. Кафедранын окуу процессин жана илимий-изилдөө иштерин аткаруусунда лабораториялардын керектүү жабдууларын, машинкаларын иштетүү жана чыгымдалуучу материалдары жана окуу макеттери менен камсыз кылууга катышат.
2.2. Кафедра башчысынын буйругу менен лабораториялык базаны реконструкциялоого, окуу лабораторияларын оңдоого жана аларды окуу процессине даярдоого байланышкан бардык иштерге катышат.
2.3. Лабораториядагы жабдуулардын техникалык абалын жана алардын коопсуздук талаптарга дал келишин, талаптагыдай санитардык шарттын болушун камсыздайт.
2.4. Педагогикалык этиканын ченемдерин сактайт.
2.5. Институттун директорунун, кафедра башчысынын оозеки жана жазуу жүзүндөгү ж.б. көрсөтмөлөрүн аткарат.
2.6. Кафедранын дисциплиналары жана практикалары үчүн студенттердин коопсуздук чаралары боюнча журналдарды жүргүзөт.

**III. Укуктары:**

Кафедранын лаборанты **төмөнкүлөргө укуктуу:**

3.1. Өзүнүн кызматтык милдетине байланыштуу иштерди жакшыртуу боюнча кафедра башчысына сунуш билдирүүгө;
3.2. Студенттерден ички эмгек тартип эрежелерин, эмгекти коргоо жана өрт коопсуздугу эрежелерин сактоону талап кылууга.

**IV. Жоопкерчилиги:**

Кафедранын лаборанты **төмөнкүлөргө жоопкерчиликтүү болот:**

4.1. Өзүнүн милдеттерин так аткарбаган жагдайда Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарынын негизинде жооп берүүгө;
4.2. Ээлеген кызматын жеке кызыкчылыктары үчүн колдонбоого;
4.3. Кызматтык милдеттерин аткаруу үчүн ишенип берилген жабдууларга жана башка мүлккө материалдык жоопкерчиликти алууга.
4.4. Институттун студенттеринин жана кызматкерлеринин укуктарын жана академиялык эркиндиктерин бузбоого;
4.5. Техникалык коопсуздук эрежелерин жана өрт коопсуздугунун эрежелерин так сактоого;
4.6. Университеттин ички эмгек тартип эрежелерин сактоого;
4.7. Коррупциялык укук бузууларга жол бербөөгө.

**V. Квалификациялык талаптары:**

5.1 Кафедранын адистиги жана профили боюнча жогорку билими бар адис болуусу.

Тааныштым, макулмун: ______________ (Кызматкер)

**Макулдашылды:**

**Кафедра башчысы:** ______________

**МФТИТ институтунун директору:** ______________

**Кадрлар бөлүмүнүн башчысы:** ______________

**Укук иштер бөлүмүнүн башчысы:** ______________